- Билим берүү процессине байланыштуу жана негизги милдеттенмелердин чөйрөсүнө кирбеген иштерди аткаруу үчүн кошумча төлөөнү;

- Эмгектин нормалдуу шарттарынан четтеген эмгек шарттары үчүн кошумча төлөөлөрдү;

- Колдонуудагы мыйзамдарга, эмгек акы жөнүндө жобого, локалдуу ченемдик актыларда каралган башка төлөмдөрдү өзүнө камтып турат. Мисалы, Сыйлоо фондунан сый акы берүү, ай сайын 10 -20 пайыз чегинде түрткү берүүчү кошумча акы төлөп берүү.

**Жумуш берүүчү:** - Ар бир кызматкерге анын эмгек акысынын курамдык бөлүктөрү, жүргүзүлгөн кармап калуулардын өлчөмдөрү жана негиздемелери, ошондой эле төлөөнүүгө тийиш болгон жалпы акчалай сумма жөнүндө кабарлоону камсыз кылууга милдеттенет.

- КР Өкмөтүнүн 31.05.2011-ж. № 270 токтомуна ылайык педагогикалык иш стажы үчүн кошумча акы: 5 жылдык педагогикалык иш стажы үчүн - 10% өлчөмүндө, 10 жыл үчүн-20% өлчөмүндө, 15 жыл жана андан ашык жыл үчүн- 30% өлчөмүндө төлөнөт.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык (19.12.2006-ж. №863), өзгөчө шарттарда иштегендердин кызматтык маяналарына карата кошумча акы белгилениши мүмкүн болгон иштердин типтүү тизмесиндеги информатика, химия сабактарынын мугалимдерине, химия кабинеттеринин лаборанттарына 15% кошумча төлөм белгилениши мүмкүн.

- Мектептин түрткү берүүчү эмгек акы фондусу кызматкерлердин арасында эмгектик катышуу коэффицентинин (ЭКК) – упайлардын негизинде бөлүштүрүлөт. ЭКК жамааттын ар бир мүчөсүнүн жеке салымына объктивдүү баа берүү жана мектептин ишинин жалпы натыйжалары атайын маалымат тактада чагылдырылып турат.

- Жамаат тарабынан бекитилген «Сый акылар жана сыйлык берүү жөнүндө» жобого ылайык сыйлык берүүгө, материалдык жардам көрсөтүүгө жана кошумча акы белгилөөгө багытталышы мүмкүн болгон эмгек акы фондусун үнөмдөөдөн алынган каражаттарды бөлүштүрүү боюнча администрациянын, эксперттик кеңештин жана профсоюздун шайланма органынын биргелешкен чечимин камсыз кылууга милдеттенет.

- Кызматкерлердин эмгек акысынын өлчөмүн өз убагында жана туура аныктоо жана төлөп берүү үчүн жетекчи жоопкерчилик тартат.

**Профсоюз:** - Тарифтик-квалификациялык комиссиялардын ишине, мекеменин эмгек акы боюнча локалдуу ченемдик документтерин иштеп чыгууга катышат.

- Эмгек акы боюнча укуктук ченемдердин сакталышына, кызматкерлерге эмгек акынын өз убагында жана толук көлөмдө төлөнүшүнө, ошондой эле педагогикалык кызматкерлердин чыгармачыл салымы үчүн сый акыларды, сыйлыктарды бөлушүрүүгө коомдук көзөмөлдү жүзөгө ашырат.

- Эмгек талаштары боюнча жыйындарда жана сотто профсоюздун мүчөлөрүнүн өкүлү болот жана профсоюз мүчөсүнүн эмгектик укуктарын коргойт.

## 4. Иш мезгили жана эс алуу мезгили

**Тараптар:** - Кызматкерлердин иш убактысы ички эмгек тартибинин эрежелери, сменалуулуктун графиги, эмгек келишиминин шарттары, кызматкерлердин кызматтык нускамалар жана аларга Устав тарабынан жүктөлгөн милдеттер менен аныкталат.

- Мекеменин жетекчи кызматкерлери, администрациялык-чарбалык, окутуучу-көмөкчү жана тейлөө персоналы үчүн жумуш күнүнүн узактыгы жумасына_____ саатка белгиленет.

- Мекеменин педагогикалык кызматкерлери үчүн иш мезгилинин узактыгы-жумасына___сааттан ашпайт.

- Өргүүгө чыгаруунун кезектүүлүгү жумуш берүүчү тарабынан иштелип чыккан жана профсоюз менен макулдашылган графикке ылайык календарлык жыл башталганга чейин кеминде эки жума калганда аныкталат. Кызматкерге өргүүгө чыгышынын башталган мезгили жөнүндө өргүү башталганга чейин кеминде эки жума калганда кабарланууга тийиш. Кызматкер менен жумуш берүүчүнүн өз ара макулдашуусу боюнча акы